| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br>ГҮЛЧӨ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>ГУЛЬЧИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Гүлчө айылдык кеңешинин 8-чакырылыштын депутаттарынын кезексиз**

**6 - отуруму**

# ТОКТОМ

**№ 6/1**

**2025-жылдын 03-марты** **Гүлчө айылы**

**Гүлчө айылынын Курманжан датка көчөсүндө жайгашкан Алай райондук маданият бөлүмүнө тиешелүү болгон, аянты 3016,0 чарчы метр жер тилкесин айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алуу жөнүндө**

Гүлчө айылдык кеңешинин VIII-чакырылыштын кезексиз 6-отуруму, Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Э.Тажибаевдин баяндамасын угуп, талкуулап, Кыргыз Республикасынын 20.10.2021-ж. №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 5- пунктунун негизинде **токтом кылат:**

**1.** Гүлчө айылынын Курманжан датка көчөсүндө жайгашкан Алай райондук маданият бөлүмүнө тиешелүү болгон жер тилкесинен 4 500, 000 миллион (төрт миллион беш жүз миң) сомдук аянты 3016.0 чарчы метр жер тилкеси айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алынсын.

**2.** Тиешелүү иш-кагаздарын тактап иш-алып баруу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адиси Р.Какаровго жана мыйзам чегинде аткарылышын камсыз кылуу жагы Гүлчө айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Э.Тажибаевге милдеттендирилсин.

**3.** Муниципалдык менчикке кабыл алынган жер тилкесине болгон укугун мамлекеттик каттоо жагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Алай филиалынан суралсын.

**4.** Ушул кабыл алынган токтомдун мыйзамдуу аткарылышын көзөмөлдөө жагы агрардык жана жер реформасы, муниципалдык менчик, кеңештин иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Самиев**